УДК: 392.51:398.224:821.512.154
DOI: 10.35254/bsu/2023.66.08

***Дуйшөева Ш.***
*К. Карасаев атындагы БГУ*

# «МАНАС» ЭПОСУНДАГЫ ҮЙЛӨНҮҮ ҮРП-АДАТТАРЫНЫН ЧАГЫЛДЫРЫЛЫШЫ

**Кыскача мазмуну**

Макалада байыркы кыргыздардын үйлөнүү үрп-адатын өзүндө сактап, аны көркөм чагылдырып келген “Манас” эпосундагы үйлөнүү үрп-адаты тууралуу сөз болот. ”Манас” эпосун изилдеген этнограф-окумуштуулардын кыргыз элинин үрп-адатына, салтына кызыгып элдин оозеки көркөм чыгармачылыгынан материалдарды жыйнап алышкан. Бул материалдардын ичинен эң негиздүүсү болуп “Манас” эпосунун айрым эпизоддору саналган. Аталган макалада Манастын күйөөлөп келип, тажик каны Атемирдин кызы Санирабигага (Каныкейге) үйлөнүүсү жана анын 40 чоросунун Каныкейди жандап жүргөн 40 кызга карата болгон никелешүү процесси жөнүндө сөз болот. Макалада автор нике процессинин улуттук езгечелугу менен айырмаланган компоненттеринин маанисин ачып керсетет. «Үй-бүлө», «үй-бүлө» түшүнүктөрүнүн маанилери, алардын байыркы кыргыз коомундагы орду ачылат. Эпостун материалында кыргыздын байыркы оюндары жана оюн-зооктору, жаштардын Манас менен Каныкейдин үйлөнүү тоюна катышуусу ачыкталган.

**Түйүндүү сөздөр:** каада – салт, үрп-адат, үйлөнүү, калың, нике, куда, чоролор, жамбы, жуучу, теги.

***Дуйшоева Ш.***
*БГУ им. К. Карасаева*

# ОТРАЖЕНИЕ ОБЫЧАЕВ ЎСВАДЬБЫ В ЭПОСЕ "МАНАС"

**Аннотация**

В статье говорится о свадебных обычаях в эпосе «Манас», сохранившем древние кыргызские свадебные обычаи и выраженном в художественном виде. Этнографы-ученые, изучавшие эпос «Манас», интересовались обычаями и традициями кыргызского народа, собирали материалы устного творчества народа. Среди этих материалов наиболее важными являются некоторые эпизоды эпоса «Манас». В упомянутой статье рассказывается о женитьбе Манаса на Санирабиге (Каныкей), дочери таджикского хана Атемира и о процессе бракосочетания. В статье автор раскрывает значение компонентов процесса бракосочетания, которые отличаются национальным своеобразием. Раскрываются значения понятий “брак”, “семья”, их роль в древнем кыргызском обществе. На материале эпоса раскрываются древние кыргызские игры и развлечения, участие молодежи в проведении бракосочетания Манаса и Каныкей.

**Ключевые слова:** традиция, обычай, брак, выкуп, помолвка, сват, чоры, джамби, человек который пришел за невестой, происхождение.

***Duishoeva S.***
*BSU named after K. Karasaev*

# REFLECTION OF WEDDING CUSTOMS IN THE EPIC "MANAS"

**Abstract**
The article talks about wedding customs in the epic “Manas”, which preserved ancient Kyrgyz wedding customs and expressed in artistic form. Ethnographers-scientists who studied the epic “Manas” were interested in the customs and traditions of the Kyrgyz people and collected materials from the people’s oral artistic creativity. Among these materials, the most important are some episodes of the epic “Manas”. The mentioned article talks about the marriage of Manas to Sanirabiga (Kanykey), the daughter of Atemir’s Tajik blood, and the process of marriage of his 40 Choros with 40 girls who support Kanykey’s life.

**Keywords:** tradition, custom, marriage, ransom, engagement, matchmaker, chors, jumbies, the man who came for the bride, origin.

Кыргыз элинин Улуу Октябрь социалисттик революциясына чейинки үйлөнүү салтын, үрп-адатын көз алдыга келтирерлик маалыматтар аз гана болгон. Булардын көпчүлүгү түздөн-түз үйлөнүү үрп-адаттар проблемасына арналып жазылбаган. Мына ушуга байланыштуу С.М-.Абрамзондун “Киргизы и их этногенетические и историко – культурные связи” деген эмгеги жарыкка чыкканга чейин системага келтирилген, үйлөнүү үрп-адаттар боюнча образдуу картина жокко эсе болуучу. С.М. Абрамзондун кыргыздардагы үйлөнүү үрп-адаттарынын ар кайсы райондордогу ( аймактардагы) өзгөчөлүктөрүнө токтолуп отурбастан, үйлөнүү үрп-адатынын эмнеден башталып, эмне менен бүтө турганын изилдеген, жалпы бир схемага келтирген. Бул учурда ал өзү чогулткан көптөгөн материалдарга таянган. [4]

Байыркы кыргыздардын үйлөнүү үрп-адатын өзүндө сактап, аны көркөм чагылдырып келген “Манас” эпосу көп маалыматтарды берээри айкын болуучу. “Манас” эпосун алгачкылардан болуп изилдөөгө киришкен казак агартуучусу, этнограф – окумуштуу Ч.Ч. Валиханов болгон. 1856-жылы Ч.Ч. Валиханов өзүнүн биринчи саякатында Ысык-Көл өрөөнүндөгү кыргыздарда болуп, элдин үрп- адатына, салтына кызыгып элдин оозеки көркөм чыгармачылыгынан материалдарды жыйнап алган. Жыйналган материалдардын ичинен эң негиздүүсү болуп “Манас” эпосунун айрым эпизоддору эсептелет. [1. 23]

С.Каралаевдин варианты боюнча байыркы кыргыздардын үйлөнүү салты жана ага байланыштуу ар кандай үрп – адаттар “Манас баатырдын Каныкейге үйлөнүшү” деген эпизоддо берилген. Ал эми С.Орозбаковдун варианты боюнча мындай үрп–адаттар төмөнкү эпизоддордо чагылдырылат: “Манастын кыз Сайкал менен беттешкени”, “Манас баатыр өзү катылган Шоорук канды жеңип, Акылай деген кызын тартууга алганы”, “Манастын Каныкейди алганы” жана “Манастын күйөөлөп барганы”.

Бул жерде көрүнүп тургандай байыркы кыргыз элинин үйлөнүү үрп–адаттары С.Орозбак уулунун варианттарында өтө кеңири берилген. Эпостогу Жакыптын тажик ханы Атемирдин (Шаатемир же Каракан) кызы Санирабигага (Кан никайи же Каныкей - хандын никеси) куда түшүшү “куда түшүүнүн эпикалык айтуудагы өнүгүү тибине жатат. [4. 143]

Жакып жанына киши алып, табылып калса берерине жамбы алып, уулу Манаска алып берүү үчүн кыз издеп чыгат. Самар-

канды бүтүн тинтет, Жизактан сураштырат, Ташкенден караштырат. Көп убакыт өтөт, бирок көңүлгө толоор, Манаска тең жар болор кыз табылбайт. Акыры Жакып Кыйба шаарына келип, сураштырып көрсө, атагы көпкө кеткен, сулуулугу эл арасында сөз болуп кеткен, жашы он алты жарымга жеткен Кыйбанын ханы Атемирдин Санирабига деген кызы бар экен. Карт Жакып чал акырын жашынып барып, кыздарды оюн куруп жаткан жеринен көрүп, баарысын кырка сынга алат. Булардын арасынан Санирабига жагып калат. Жакып чал өзүнүн аярлыгы менен кыздын бир гана кемчилдигин сезет: “Санирабига көп жылга чейин бала көрө албайт” дейт.

Жакып Атемирге (кыздын атасы) жолугуп, өзүнүн жуучу болуп келгенин, теги Алтайдан келген “Тумшугу жок” кыргыз экенин, катын алып берер баласынын аты Манас экенин айтат. Манастын атын далайдан угушкан Атемирдин ордосу кызды бербейбиз деп ачык айткандан коркушуп, Жакыпты качыруу амалында “көчмөн кыргыздардын колунан келбес көп өлчөмдөгү калың талап кылышат. [4. 144] Бирок, Жакып Манастын бай экендигин билдирүү үчүн, Атемир айткандан бир нече эсе көп калың алып барат. Ушул калың менен кошо Манас дагы күйөөлөп барат. Акыры Санирабигага үйлөнөт, кырк күн той болот. Кан никесинде болду деп, Санирабига аты өчүп, Каныкей атка конот.

Ошентип, Каныкей Манастын аялы болуп калат. С. Орозбаковдун варианты боюнча бул эпизод ушундайча баяндалат. [4. 145]

С. Каралаевдин вариантында той эскерилбейт. Шапак Рысмендеевдин вариантында, Молдобасан Мусулманкуловдун вариантында, Багыш Сазановдун вариантында жана башка манасчылардын варианттарында бул эпизод негизинен С. Орозбаковдун вариантына жакын айтылат. [3. 751]

С. Каралаевдин вариантынын ушул эпизодунун аягы башкача бүтөт. Атасы Жакыптын Каныкейге куда түшөөрүнөн мурун эле улуу Манастын эки катыны бар экендиги айтылат. Бирөөгө калмактын Кайып ханынын кызы Карабөрк, аны Манас урушта жеңип алган, экинчиси өзү келип катылып, урушта жеңилген афган ханы Шооруктун кызы Акылай – муну олжого алган.

Эпостогу идея боюнча Карабөрк менен Акылайды Манас катыным деп эсептебейт. Жолдоштору да Манасты бойдок деп айтышат. Мисалга карап көрөлү:

“Калың менен кайгырбай,
Баатырлык менен байкалбай.
Эрдигин менен ээлебей,
Карабөрк менен Акылай.
Катыным деп ойлопсуз,
Карап турсам өзүңүз.
Кадимкидей бойдоксуз!, - деп Алмамбет Манас баатырга кайрылат. Ушундай сөздөрдөн улам Манас катын алууну ойлоп атасы Жакыпка мындай дейт:

“Катын алып бермегиң,
Карыздар ата мойнуңа
Кайып хандын Карабөрк,
Колума түштү башында
Алигиче жүрөмүн кыябыма толбостон,
Кыз алгандай болбостон
Шооруктун кызы Акылай,
Карматып алдым камоодон
Кызын тартуу кылган соң,
Кутулган эле талоондон
Кулдук уруп дайындап,
Куда болуп кайындап
Кутулбадын карзындан,
Катын алып бербейм деп
Калбааны бөөдө көрбөгүн,
Аманат жаным өлбөсөм
Ар канча чыгым болсо да,
Нагыз өзүм төлөймүн,- деп салтка ылайык үйлөндүрүүсүн талап кылат. [4. 146]

Бул жерде мусулман дининин талаптарына туура келүүчү салттар жөнүндө сөз болуп жаткандыгы анык. Манас мурунку эки катынды согушта олжо кылып алдым дейт. Эми ал “закондуу” катын алууну алдына коюп, атасынан калың төлөп, жуучу

жиберип, куда түшүп, салтка ылайык үйлөнүүсүн талап кылат. Манастын Каныкейге үйлөнүүсү ушул салтка ылайык жүрөт.

Бирок Ч. В. Валихановдун өткөн кылымдын орто чениндеги жазып алгандарына караганда Манас Каныкейди дагы күч менен тартып алгандыгы айтылат. Ушундан улам Манас менен Каныкейди үйлөнтүүдөгү "закондуу", "салтка ылайык" үрп-адаттар ислам динин таасири астында келип кошулган эпостогу үстүңкү катмарлардан болууга тийиш. Бирок бул үйлөнүүдөгү үрп-адаттар да баштан аяк салт боюнча болгон жок. Күйөөлөп келген Манасты Каныкей шамшар (бычак) менен колун жарадар кылат. Бул жерде да Каныкей, Карабөрк сыяктуу эле, баатыр кыз сыяктуу сүрөттөлүп, аны алууда Манас калыңга сатып алуу менен гана чектелбестен, күч колдонууга да аргасыз болот. Нике учурундагы ушундай кармашууларда кыз күйөөгө жеңилип, андан ары өзүнүн баатырдык сапаттарын жоюп, жөнөкөй, ишкер, акылдуу аялга айланат. [2.]

Үйлөнү үрп-адатынын кульминациялык пункту болуп, кыздын атасы өткөрүүчү чоң той эсептелген. Бул той күйөө тарабынан бардык калың төлөнүп бүткөндөн кийин гана болгон. Эпосто Манастын күйөөлөп келиши эң сонун сүрөттөлөт. Бул жерде кызыктуу окуялар көп. Бир нерсеге токтолуп кетүүгө аргасыз болосун; Манастын жана анын кырк чоросунун Каныкейге жана аны жандап жүргөн 40 кызга карата болгон никелешүү процесси. Баарыдан мурда 40 чоронун 40 кызга болгон мамилеси. Ким-кимге үйлөнөрү белгисиз. Ошол жерге 40 боз үй тигилип, ар биринде бирден кыз отурат:

Кырк кызга тиккен кырк үйү,
Кызмат кылды кырк бийи
Астынын жашы он сегиз,
Он алты жарым аягы
Ар кайсы бир үйгө,
Кыздар кирди тептегиз
Тандоону койду эркекке,
Эркектер калды эмгекке
Кырк баатырдын баарысы,
Кыргыл, Бакай карысы
Кысталышып турушту.

Кимиси кайсы үйгө кирерин, кайсы кызды аларын билбей турган чоролорго кайрылып, Манас баатыр мындай дейт:

"Ай баатырлар, деп айтат,
Талаага чыгып баралык
Жарышып келип калалык,
Таалайына кандай кыз
Так ошону алалык"

Ошентип, алар жарышып келишип, биринчи келген Алмамбет биринчи боз үйгө, экинчиси экинчи үйгө... киришип, кыркы кырк үйдү ээлешет. Кызык жери, өзү күйөөлөп келген Манас да катышып, эң артында келет. Аны Каныкей өзү тосуп чыгат.

Бардык чоролор өздөрү кирген үйдөгү кыздарга ыраазы болушат. Бир гана Алмамбет кирген үйдөгү кыз, күйөөнү жактырбайт. Ал кыздын аты Аруукe болот.

Ушундан улам, кыздардын ичинде "мен тигиге барат элем" деген арман калбасын деп, чоролорду катар тизип коюп, көздөрү байланган кыздардан тандап алуусун талап кылат. Андан кийин чоролордун көзүн таңып кыздарды тандатат. Бул эки учурда тең баягы аты чыгып келгендеги жуптар бузулбайт. [4. 148] Ал эми Алмамбет менен Аруукенин ортосундагы дал келбөөчүлүк болсо, Алмамбеттин бөлөк динде экендигине байланыштуу болгон. Бирок, акыры Алмамбеттин мусулман динин кабыл алганына көзү жеткенден кийин Аруукe өзүнүн макулдугун берет.

Ал эми кырк чоронун кырк кызга "баш аламандык" менен, "кимге-ким туш келди" үйлөнүп, өздөрүнчө үй-бүлө түзүшү бул алгачкы коомдук түзүлүштөгү топ никенин эпикалык чагылдырылышы деп түшүнсөк болот.

Ошентип,41 чоро менен 41 кыз үйлөнүшүп 40 күн тойлошот. Тойдун каада-салты бардык жеңиш учурунда, же башка бир жакшылык учурунда берилүүчү тойлордун каада-салттарына окшош өтөт.

**Адабияттар**

1. Акунов А. “Манас” эпосу боюнча кыргыздардын үй-бүлө жана нике мамилелери / А. Акунов. - Б.: ”Калем” басма үйү, 2022. - 231-б.

2. Валиханов Ч. Очерки Жунгарии. / В кн. “Манас” героический эпос киргизского народа. / Валиханов Ч. - Ф., 1968 . - 40 с.

3. “Манас” Сагымбай энциклопедиясы. - Бишкек “Бийиктик плюс”, 2015. - 144-148-б.

4. Үйлөнүү жана ага байланышкан каада-салттар (үрп-адаттар). - Б.:“Калем” басма үйү, 2021. - 4-б.